| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>МОСКВА РАЙОНУ<br>МИҢ-БУЛАК АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>МОСКОВСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>МИН-БУЛАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Мин-Булак айыл аймагынын**
**айылдык Кеңешинин сессиясынын**
**№133 ТОКТОМУ**

30-апрель 2026-жыл Садовое а.

***Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан жергиликтүү демилгелерди тандоо жана каржылоо тартиби жөнүндөгү Жобону бекитүү жөнүндө***

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамына ылайык, 2026-жылдын 3-апрелиндеги бюджет, финансы, инвестициялар жана гранттык долбоорлор боюнча туруктуу комиссиянын корутундусунун негизинде, ошондой эле жергиликтүү демилгелерди тандоо жана каржылоо тартибин жөнгө салуу максатында, Мин-Булак айыл аймагынын айылдык кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан жергиликтүү демилгелерди тандоо жана каржылоо тартиби жөнүндө Жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Мин-Булак айыл аймагынын айыл өкмөтү ушул Жобонун аткарылышын камсыз кылсын.
3. Ушул токтом белгиленген тартипте мамлекеттик каттоодон өткөрүлсүн жана расмий жарыялоо булактарында жарыялансын.
4. Ушул токтомдун көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына Кыргыз Республикасынын нормативдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн жөнөтүлсүн.
5. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын нормативдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
6. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө бюджет, финансы, инвестициялар жана гранттык долбоорлор боюнча туруктуу комиссияга жүктөлсүн.

**Төрага** **Н.Б.Асаналиев**